Ким Аллахка ширк келтирбестен жолукса, анда ал бейишке кирет. Ал эми ким Ага ширк кылган абалда жолукса, анда тозокко кирет

Жабир Ибн Абдуллах, радыяллаху анхума, айтты: «Мен Аллахтын Элчисин, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Ким Аллахка ширк келтирбестен жолукса, анда ал бейишке кирет. Ал эми ким Ага ширк кылган абалда жолукса, анда тозокко кирет».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бул хадисте ким ширк кылбаган абалда өлсө, ал кээ бир күнөөсү үчүн тозокто азапталса да анын бара турган жайы бейиш экендигин жана ким ширк кылган абалда өлсө, тозокто түбөлүктүү калаарын кабарлап жатат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3418